**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР**

**УДК 633.88** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).385**

# КЫРГЫЗ-АТА МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН ӨСҮМДҮК КООМДОШТУКТАРЫНА ЖАНА КЭЭ БИР ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨРҮНӨ АНАЛИЗ

Абжапарова Айнура Манаповна - ага окутуучусу, ОшМПУ
ORCID: 0009-0000-6036-3485, ainuraabzhaparova@mail.ru

**Аннотация**

Бул илимий макалада тирүү организмдерди, өсүмдүк каптоосун, жаныбарлар дүйнөсүн коргоо максатында түзүлгөн коруктардагы, улуттук жаратылыш парктарындагы өсүмдүктөрдүн коомдоштуктары, таралышы жана дары өсүмдүктөрдүн экологиялык абалы, ресурстук мүнөздөмөсү жана башка көрсөткүчтөрү изилденип, аларга илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланууга боло тургандыгы жөнүндө айтылган. Илимий изилдөө обьектиси катары алган Кыргыз- Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы да ошол багытта түзүлгөндүгү жана улуттук парктын территориясындагы өсүмдүк жабуусунун негизги ландшафтык формациялары тууралуу маалыматтар берилген. Арча токойлорунун өсүмдүк жабуусунун составынын ар түрдүүлүгү табигый факторлордон эле эмес, антропогендик таасирлердин мүнөзүнө жараша боло тургандыгы тууралуу баяндалган. Ошондой эле улуттук жаратылыш паркынын чегиндеги дарак өсүмдүктөрүнүн, майда токойлордун жана чөп өсүмдүктөрүнүн вертикалдык дал келүү мүнөзүнө жараша формацияларга бөлүнөрү, кээ бир дары-дармек өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери жөнүндө маалыматтар кеңири баяндалган.

**Ачкыч сөздөр:** флора, шалбаа, споралуу өсүмдүктөр, балырлар, козу карындар, эңилчектер, рельеф, микроклимат.

# АНАЛИЗ РАСТИТЕЛЬНЫХ СООБЩЕСТВ И НЕКОТОРЫХ ЛЕКАРСТВЕННЫХ РАСТЕНИЙ КЫРГЫЗ-АТИНСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА

Абжапарова Айнура Манаповна - старший преподаватель ОшГПУ
ORCID: 0009-0000-6036-3485, ainuraabzhaparova@mail.ru

**Аннотация**

В данной научной статье рассматриваются растительные сообщества, распространение и экологическое состояние лекарственных растений, их ресурсные характеристики и другие показатели в заповедниках и национальных природных парках, созданных с целью охраны живых организмов, растительного покрова и животного мира. Также говорится о возможности использования этих данных при проведении научных исследований.

В качестве объекта научного исследования рассматривается Кыргыз-Атинский государственный национальный природный парк, который был создан с той же целью. В статье приведена информация об основных ландшафтных формациях растительного покрова на территории национального парка.

Состав растительного покрова арчовых лесов зависит не только от природных факторов, но и от характера антропогенного воздействия. Также подробно изложена информация о формациях, на которые делятся древесные растения, мелколесье и травянистые растения в пределах национального природного парка в зависимости от особенностей их вертикального размещения, а также о лечебных свойствах некоторых лекарственных растений.

**Ключевые слова: флора, луг, споровые растения, водоросли, грибы, лишайники, рельеф, микроклимат.**

# ANALYSIS OF PLANT COMMUNITIES AND SOME MEDICINAL PLANTS OF THE KYRGYZ-ATA STATE NATURE PARK

Abzhaparova Ainura Manapovna - Senior Lecturer Osh State Pedagogical University
ORCID: 0009-0000-6036-3485 ainuraabzhaparova@mail.ru

**Annotation**

This scientific article examines plant communities, the distribution and ecological status of medicinal plants, their resource characteristics, and other indicators in nature reserves and national natural parks established for the protection of living organisms, vegetation, and wildlife. It also discusses the potential use of this data in conducting scientific research.

The Kyrgyz-Ata State National Natural Park is considered as the object of scientific research, which was established for the same purpose. The article provides information about the main landscape formations of the vegetation cover within the territory of the national park.

The composition of the vegetation cover of juniper forests depends not only on natural factors but also on the nature of anthropogenic impacts. The article also provides detailed information on the formations into which tree species, small forests, and herbaceous plants are divided within the national natural park, depending on the characteristics of their vertical distribution, as well as on the medicinal properties of certain healing plants.

**Key words:** flora, meadow, spore plants, algae, fungi, lichens, topography, microclimate.

Тирүү организмдерди, же уникалдуу табият кубулуштарын, өсүмдүк каптоосун, жаныбарлар дүйнөсүн коргоо максатында түзүлгөн коруктардагы, улуттук жаратылыш парктарындагы өсүмдүктөрдү пайдаланууда өзгөчө илимий чыгармачылык менен мамиле кылуу талап кылынат[6].

Биз изилдөө обьектиси кылып алган Кыргыз Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы да ушундай максатта түзүлгөн жана бул жерде өткөрүлгөн изилдөө иштери ошол гармониялык түзүлүшкө аз зыян келтирүү менен адамдардын талабын толугураак канаттандырууга багытталышы керек. Ошого байланыштуу Кыргызстандандын түштүк аймагындагы корук жерлерде өсүүчү кээ бир маанилүү өсүмдүктөрдүн флористикалык курамын, азыркы мезгилдеги абалына анализ берүү менен кээ бир дарылык касиеттерге ээ болгон түрлөрүнүн абалын изилдөө жүргүзүү зарылчылыгы туулат.

Бүгүнкү күндө жергебизде таралган дары өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин, экологиялык абалын, ресурстук мүнөздөмөсүн жана башка көрсөткүчтөрүн изилдеп, аларды рационалдуу пайдалануунун илимий негизин иштеп чыгуу милдети өтө актуалдуу деп айтканга болот [1].

Жаратылыш паркынын аймагынын негизги бөлүгүнүн өсүмдүктөр дүйнөсү арча токоюнун орто бийиктиктеги шалбаа чөптүү зонага киргендиктен ошол зонанын өсүмдүк каптоосу тереңирээк талданды. Бул зонанын өсүмдүктөрү негизинен шалбаа, шалбаа-талаа тибиндеги жана арча токойлуу тибине кирет. Акыркы жылдары адам баласынын иш аракетинин натыйжасында аталган типтердеги өсүмдүктөрдүн түрдүк составынын салыштырмалуу азайгандыгы байкалат. Ал эми күнгөй беттеги талаа, жарым чөл зоналары анчалык чоң эмес аянтты ээлейт. Тоонун түндүк капталындагы арча токою парктын негизги бөлүгү болуп, жыш өсүмдүк жабуусун түзөт. Бул жерде да ландшафтын бирдей эместигинин натыйжасында, тоонун тике күн тийген капталдарында арча токою бадалдуу калың чөп өсүмдүктөргө же шалбаага өткөн.

Улуттук парктын токой аянтында дарак түрүндөгү формадагы арчалардын үч түрү таралган. Түрлөрдүн төмөнкү алкактагылары нымдуулуктун жетишсиздиги менен, ал эми жогорку зонадагылары вегетативдик мезгилинин бир топ кыска жана топурактын, абанын кескин температуралык режими менен мүнөздөлөт. Абсолюттук бийиктик жогорулаган сайын түрлөрдүн өсүү интенсивдүүлүгүнүн төмөндөгөндүгү байкалат.

Деңиз деңгээлинен 2000-2700 м бийиктиктеги тоонун ортоңку бөлүгүндөгү талаа зонасынын ачык күнөстүү жерлери бетегелүү-түрдүү чөптүү өсүмдүктөр **(**разнотравье**)** ассоциациясынан түзүлгөн. Бул ассоциациянын чөп жабуусу бир топ тыгыз болуп, негизинен бетегеден турат. Ушундай эле бийиктиктеги, көлөкөлүү жантаймаларда буудайыктар (*Agropyron*), вейник (Calamagrostis), регнерия (Roegneria), кылкан (*Stipa glareosa),* ат конок

(*Phleum pratense)*, коңур баш жылган (*Poa bulbosa*), тоо шимүүрү (*Phlomis oreophila)*, жабышкак галиум(*Galium aparin)* өсүмдүктөрүнөн куралган шалбаа-талаа ассоциациясы орун алган. Чөп жабуусу бир кыйла тыгыз, болжолдуу жабуу 70-80% түзөт [ 4].

Деңиз деңгээлинен 2600-3000м бийиктик чегиндеги субальпы алкагында жылгандуу шалбаа-талаа ассоциациясы таралган. Бул жерде бадалдардын бир топ түрлөрү көп кездешет. Алардын арасында ит мурундун ар түрдүү түрлөрү өсөт. Ачык күнөстүү капталдарда ит мурунга табылгы, кизильник, ал эми көлөкөлүү жерлерде шилби, кээде карагат аралашып өсөт. Бул калың бадалдардын арасында чөп өсүмдүктөрү жокко эсе, чет жактарында жапайы жер буурчак *(Vicia cracca),* сенеция (*Senesio platyphylloides),* Томсон кой жалбырагы *(Ligularia Tomsona),* жабышкак галиум(*Galium aparin),* уй беде (*Trifolium pratense),* жылгандын түрлөрү *(Poa)* өсөт.

Деңиз деңгээлинен 3000м бийиктиктеги тоо кыркасынын жогорку алкагынын түндүк капталында, 3300м бийиктиктеги түштүк капталында түркестан арчасы (өрүк арча) жана дан өсүмдүктөр-ар түрдүү өсүмдүктүү шалбаа-талаасы үстөмдүк кылат. Арчадан башка дарыя жээктеринде алай кайыңы (*Betulla alajica),* тал (*Salix euapiculata),* четин ( *Sorbus tianshanica* Rupr.) өсөт. Бийик тоодогу токойлордогу майда токойлор сейрек, алар шилбилерден (*Lonisera*), ыргай, кээде бөрү карагаттан (*Berberis*), чын карагаттан (*Ribes*) турат.

Чөп өсүмдүктөрүнөн сенеция (*Senesio platyphylloides),* кара кыяк (*Poa pratensis),* коңгуроо гүлдөрү кездешет. Токойлордун ачык аянттарында кара кыяк (*Poa pratensis),* чабрец, Томсон кой жалбырагы*( Ligularia Tomsona),* кымыздыктар (*Polygonum),* үч мамычалуу серастиум (*Cerastium serastoides*), жабышкак галиум(*Galium aparin)* жана башка түрлөр үстөмдүк кылат. Шалбаа-талаасынын чөп өсүмдүктөрү негизинен бир өңчөй, көп ярустуу, болжолдуу жабуу 80-90%. Бийик тоодогу токой аянттарында мохтор кээде бүтүндөй жабууну түзүшөт.

Субальпы алкагынын жогорку бөлүгүндө, д.д.3200-3500м бийиктикте жайылып жаткан арчалар менен бийик тоолуу талаалар орун алган. Бул талаалардын чөп өсүмдүктөрүнө бетеге (*Festuca sulcata),* өлөң чөптөр (*Carex),* Орто Азия каз таманы (*Potentilla asiatica),* шар гүлдүү келек (*Oxytropis macrocacarpa globiflora Bunge*) мүнөздүү. Арчалардан туркестан арчасы өсөт.

Демек, улуттук парктын территориясындагы өсүмдүк жабуусунун негизги ландшафтык формациялары – орто тоолуу жана субальпы алкагында таралган арчалар болуп саналат. Жогоруда белгилегендей мында арчанын негизги үч түрү таралган. Калган дарак өсүмдүктөрү аз санда болуп арчалар менен аралашып өсөт же, дарыя жээктеринде кездешет. Аларга талдар жана четин кирет. Ошондой эле, Улуттук паркта бадалдардан шилби, ит мурун, бөрү карагат ж.б. өсөт.

Арча токойлорунун чөп өсүмдүктөрүнүн составы ар түрдүү. Анын себеби бир гана табигый факторлордон (жарлардын көчүшү, деңиз деңгээлинен бийиктиги, дарактардын болушу, анын составы жана жашы) эле эмес, антропогендик таасирлердин мүнөзүнө жараша болот: мал жаюу, чөп чабуу, өрт, кыюу ж.б. [3].

Дарак өсүмдүктөрүнүн сейректиги жана арасында ар түрдүү өсүмдүктөрдүн өскөндүгү Улуттук парктын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Мындай аймактагы жарыктын көп болушунан чөп өсүмдүктөрүнөн жарыкты сүйүүчү өсүмдүктөрдүн үстөмдүк кылуусуна шарт түзүлөт. Бирок, микроклиматтык шарттардын таасири чөп өсүмдүктөрүнүн мозаикалык таралуусуна алып келет. Ошондуктан, бир кичинекей салыштырмалуу участкада мезофиттерди да ксерофиттерди да кездештирүүгө болот.

Улуттук парктын чегиндеги өсүмдүктөрдү дарак өсүмдүктөрүнүн, майда токойлордун, чөп өсүмдүктөрүнүн жана вертикалдык дал келүү мүнөзүнө жараша 4 формацияга бөлүүгө болот.

**I-** арча-буудайык-шыбактуу формация д.д.2000-2200м бийиктиктеги түштүк-чыгыш жана түштүк-батыш алкактагы шагыл-таштуу жантаймаларды ээлейт. Дарак өсүмдүктөрү негизинен заравшан , аз санда сары арчадан түзүлгөн. Бадалдар жакшы бөлүнүп турат жана негизинен ит мурундардан туруп, кээде табылгы, шилби, бөрү карагат, чекенделер аралашат.

Чөп жабуусу бир тектүү, бирдей таралган болуп 3 ярустуу: I–ярусту- түктүү буудайык (*Agropyron trichophorum),* ак кылкандуу көдө (*Stipa capillata L*), көгүлтүр топчу баш (*Dipsacus arureus*), II-ярусту- шыралжын (*Artemisia dracunculus)*, аркар оту (*Dracosephalum ferganense Lazkov);* миң жалбырак (*Achillea millefolium),* III-ярусту-коңур баш жылган (*Poa bulbosa),* өлөң чөп (*Carex* ), чөл бурачогу (*Alyssum desertorum)* түзөт [5].

**II**-арча-бетегелүү-түрдүү чөптүү өсүмдүктөр формациясы тоонун ортоңку зонасында, д.д. 2200-2700м бийиктиктеги жантаймаларды ээлейт. Сары арчанын түрү басымдуулук кылат. Кээде күнөстүү жерлерде зеравшан арчасы, көлөкөлүү аймакта туркестан арчасы кездешет. Дарактар көбүнчө чөнөктөшүп кээде группа болуп жайгашкан. Бадалдардан ит мурун, табылгы, шилби,бөрү карагаттар арчалардын арасында же, ачык жерлерде өзүнчө өсүшөт.

Чөп чабуусу жыш, жакшы өрчүп, бирок, бирдей таралган эмес. Дарактардын араларында, талааларда дан өсүмдүктөрү, айрыкча жарыкты сүйүүчү өсүмдүктөр көп таралган. Болжолдуу жабуу кээде 100% түзөт. Арчалардын түптөрүндө, көлөкөнү сүйүүчү ар түрдүү өсүмдүктөр кездешип, азыраак жабууну пайда кылган. Ярустуулук жакшы байкалбайт. Чөп өсүмдүктөрүнөн: бетеге *(Festuca sulkata),* каз таңдай (*Achillea millefolium),* жылгандар (*Poa pratensis),( Poa bulbosa),* ат конок (*Phleum pratense),* жабышкак галиум (*Galium aparin),* каз таман (*Geranium collinum),* өлөң чөп (*Carex* ) өсөт. Мындан сырткары шыралжын (*Artemisia dracunculus),* аркар оту *(Dracosephalum ferganense Lazkov),* рута жалбырактуу шыбак (*Artemisia rutifolia*), кылкан *(Stipa glareosa),* сенеция (*Senesio platyphylloides),* көгүлтүр топчу баш (*Dipsacus arureus*), сейрек, тоо шимүүр (*Phlomis oreophila)* жана буудайык (*Agropyron repens*) биргелешип өсөт.

**III**-арча-жылгандуу- түрдүү чъптүү өсүмдүктөр формациясы кең аймакты ээлеп, д.д. 2200-2900м бийиктиктеги тоонун ортоңку бөлүгүнүн көлөкөлүү капталдарында таралган. Дарактардан сары арча менен туркестан арчасы аралашып өсөт. Бул формациянын бадал өсүмдүктөрү мурунку формацияга караганда саны жагынан азыраак кездешет. Көбүрөөк шилби (*Lonicera tatarica L*), Федченко ит муруну (*Rosa fedtschenkova Regel),* бөрү карагатты (*Berberis oblonga*) кездештирүүгө болот..

Шалбаа-талаа тибине мүнөздүү чөп жабуусунан туруп, жакшы өрчүгөн. Бирок бирдей эмес таралган. Аны: сенеция (*Senesio platyphylloides),* сасык тармал чөп (*Thalictrum fostidum),* жабышкак галиум (*Galium aparin),* топтолмо коңгуроо гүл *(Campanula glomerata)*, токой жылганы (*Poa nemoralis* ), кууш жалбырактуу жылган *(Poa angustifolia ),* примула (*Primula algida)* өсүмдүктөрү түзүп, алар дарактардын араларында же түптөрүндө өсүшөт. Буудайык (*Agropyron repens*), токой вейниги (*Calamagrostis arundinacea)*, бетеге *(Festuca sulkata)* ат конок (*Phleum pratense),*теңге чөп (*Alchimellae herba),* Орто азия каз таманы *(Potentilla asiatica)* ачык аянттагы жерлердин фонун түзүшөт.

IV – арча- түрдүү чъптүү өсүмдүктүү-бетегелүү формация улуттук парктын жогорку бөлүгүн ээлеп, д.д.3000-3200м бийиктикте таралган. Бул формация күнөстүү аймактын каптал бетинде жайгашып, негизинен туркестан арчасынан турат. Кээ бир участкаларда тал, четин аралашып өскөндүгү байкалат. Бадалдар абдан сейрек кездешет. Алар арчалардын арасында таралган. Бул жерде көбүнчө шилби, ит мурундар, карагат, бөрү карагат өсөт.

Чөп жабуусу жыш, кандайдыр бир деңгээлде бир өңчөй, бирок, жапыз өскөндүгү менен айырмаланат. Түрлөрдүн көптүгү менен өзгөчөлөнүп, ярустуулук начар байкалат. Жалпы жабууну түзүүчүлөр болуп: бетеге *(Festuca sulkata),* кууш жалбырактуу жылган *(Poa angustifolia L),* жөргөмүш кымыздыгы (*Polygonum vivparum),* Туркестан галиуму (*Galium turkestanicum),* каз таман (*Geranium collinum),* өлөң чөп (*Carex* ), тянь-шань көбүргөнү (*Allium tianschanicum Rupr.)* саналат. Булар менен биргеликте: сенеция (*Senesio platyphylloides),* тоо шимүүр (*Phlomis oreophila)*, Томсон кой жалбырагы (*Ligularia Tomsona),* теңге чөп (*Alchimellae herba),* примула (*Primula algida),* сасык тармал чөп (*Thalictrum fostidum*), аз санда – төшөлгөн сабактуу кымыздык (*Polygonum aviculare),* ак гүлдүү анемона (*Anemone protracta),* сойломо лютик (*Ranunculus acris)* өсөт. Бул жерде жашыл мохтор көп санда кезигет [2].

Аскалуу жана күчтүү таштуу капталдарда жапыз өскөн ийри-буйру дарактарды же анчалык көп эмес арчалардын группасын көрүүгө болот. Бул жерлердин төмөнкү алкагында зеравшан арчасын, жогорку чегинде туркестан арчасын кездештирүүгө болот. Жылаңач аскалардын чөп жабуусу абдан эле сейрек жана шыбактардан(*Artemisia scoparia),* ак кылкандуу көдө (*Stipa capillata L*), буудайыктан (*Agropyron repens)* түзүлгөн. Бадалдардан чекенде (*Ephedra equisetina),* табылгы, чие кездешет.

Демек, жаратылыш парктын өсүмдүктүүлүк алкагынын негизги өзгөчөлүгү тоонун вертикалдык жогорулоосунан көз каранды түрдө улам алмашып туруусунда. Бирок, белгилеп кетүүчү нерсе, рельефтик ар түрдүүлүктүн жана түрдүү климаттык шарттардын таасиринен улам, формациялардын бири-биринен чектелүүсү жана өсүмдүктүүлүк алкагынын чек арасы жакшы байкалбай калат. Мисалы, чыгыш экспозициясынын кургак каптал беттеринде кошумча нымдуулуктун эсебинен (жер алды суулары), талаалар шалбаа тибиндеги мүнөзгө ээ жана мезофиттик өсүмдүктөр таралгандыгы байкалат. Арча токойлору ээлеген участкалар көбүрөөк мына ушундай мүнөздө болушат.

Улуттук жаратылыш паркынын аймагында дары–дармек өсүмдүктөрүнүн бир нече түрлөрү кездешип, изилденген түрлөрдүн запасы бирдей эместиги белгилүү болду (1-диаграмма). Тоо шимүүр (*Phlomis oreophila)*, ат кулак (*Rumex* L), суу кымыздыгы (Polygonum persicaria), шыралжын (Artemisia dracunculus) өтө кеңири таралып, ал эми уй беде (Trifolium pratense, L.), жапайы жер буурчак *(Vicia cracca)* жана сары чай чөп *(*Hypericum perforatum) салыштырмалуу аз учурай тургандыгы белгилүү болду. Ошондуктан биринчи түрлөрдү өндүрүштүк максатта жыйноо анчалык деле жаратылышка терс таасирин тийгизбейт.




1-диаграмма. Улуттук жаратылыш парктын аймагында өскөн негизги дары-дармек өсүмдүктөрүнүн запасы

**Колдонулган адабияттар:**

**1.** Алимбаева П. К. Лекарства вокруг нас / П. К. Алимбаева, Ж. С., Нуралиева З. С. Арбаева Т. М. Шамбетов— Изд. перераб. и доп. — Фрунзе : Кыргызстан, 1987.
**2.** Бажецкая А. А. Полезные растения Киргизии / А. А. Бажецкая. — Фрунзе : Кыргызстан, 1983. — 123 с.
**3.** Ботбаева М. М. Кыргызстан өсүмдүктөр дүйнөсү / М. М. Ботбаева. — Бишкек, 2012.
**4.** Деза М. И. Справочное пособие по сбору, определению и гербаризации растений [Текст] / М. И. Деза., В. С. Сухин. - Изд."Кыргызстан " Фрунзе 1979. 238- С.

**5.** Головкова А. Г. Полезная флора Киргизии [Текст] / А. Г. Головкова, А. В Чубарова. – Фрунзе, «Мектеп» 1988. -111с.
**6.** Никитинский Ю. И. Арчевники Наукатского лесничества / Ю. И. Никитинский. — Фрунзе : Институт ботаники АН Кирг. ССР, 1960. — 142 с.

**УДК 632.3:712.4(575.2)**

## ОШ ШААРЫНЫН ЖАШЫЛ АЙМАКТАРЫНДАГЫ БАК-ДАРАКТАРДЫН ФИТОПАТОГЕНДИК ИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЧАРАЛАРЫ

**Сабиров Батырбек Зулумович**
Техника илимдеринин кандидаты, КР Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин Ош өсүмдүктөрдүн карантини лабораториясынын башчысы
**Абсатаров Равшанбек Ракманалиевич**
Биология илимдеринин кандидат, доцент
ОшМПУнун илимий иштер боюнча проректору
rrr_51@mail.ru
**Шайырбек кызы Акылай -** ОшМПУнун магистранты

**Аннотация.** Шаардык жашыл зоналарда, ал тургай чакан скверлерде өсүп турган дарактар менен бадалдардын мааниси жыл өткөн сайын жогорулап жаткандыгы талашсыз. Бул алардын шаарларга жана шаар тургундарына алып келүүчү экологиялык жана социалдык пайдасы менен түшүндүрүлөт. Бирок климаттын өзгөрүшүнө байланышкан терс көрүнүштөр өсүмдүктөрдүн абалынын начарлашына алып келип, дарактар менен бадалдардын козу карындык илдеттерине чалдыгуу коркунучун жаратууда.
Изилдөөнүн максаты Ош шаарындагы дарактарда жана бадалдарда кездешүүчү козу карын илдеттерин аныктоо аларга мыкты тажрыйбаларга негизделген коргоо жолдорун сунуштоо болуп саналат.
Изилдөө усулдарынын жүрүшүндө оорулардын козгогучтары алардын морфологиялык белгилеринин (макро жана микроскопиялык) негизинде аныктоо жүргүзүлдү.
Изилдөөнүн жыйынтыгында Ош шаарынын аймагында 3 козу карын илдети аныкталып аларга каршы күрөшүү жолдору берилди.
**Ачкыч сөздөр.** Ош шаары, козу карын илдеттери, Clasterosporium carpophilum Lev:, Erysiphe podosphaera, Fusarium oxysporum

## ФИТОПАТОГЕННЫЕ ЗАБОЛЕВАНИЯ ДЕРЕВЬЕВ В ЗЕЛЁНЫХ НАСАЖДЕНИЯХ ГОРОДА ОШ И ПУТИ ИХ КОНТРОЛЯ

**Сабиров Батырбек Зулумович**
Кандидат технических наук, заведующий Ошской лабораторией карантина растений Департамента химизации, защиты и карантина растений при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности КР.
**Абсатаров Равшанбек Ракманалиевич**
Кандидат биологических наук, доцент, проректор по научной работе Ошского государственного педагогического университета rrr_51@mail.ru
**Шайырбек кызы Акылай - Магистрантка ОшГПУ**

**Аннотация.** Значение деревьев и кустарников, произрастающих в городских зелёных зонах, включая даже небольшие скверы, неуклонно возрастает с каждым годом. Это обусловлено их экологической и социальной пользой для городов и городских жителей. Однако